Манашева Кенжегул Пазыловнанын "Дене тарбия мугалимдерин даярдоодо тогуз коргоол боюнча адистик компетенттүүлүгүн калыптандыруунун педагогикалык негиздери" деген темадагы 13.00.01 - жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы жана 13.00.04 – дене тарбиянын, спорттук машыгуунун, ден соолукту чыңдоонун жана адаптивдик дене маданиятынын теориясы жана методикасы адистиктери боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациялык ишине карата расмий оппонент Абакир Мамытовдун

## ПИКИРИ

Диссертациялык иш Б. Турусбеков атындагы Кыргыз мамлекеттик дене тарбия жана спорт академиясынын педагогика, психология жана дене тарбиясынын тарыхы кафедрасында аткарылган.

Илимий жетекчиси – Токсонбаев Рыскелди Нурманбетович, педагогика илимдеринин доктору, профессор, Б. Турусбеков атындагы Кыргыз мамлекеттик дене тарбия жана спорт академиясынын педагогика, психология жана дене тарбиясынын тарыхы кафедрасынын башчысы.

Диссертациянын киришүү бөлүмүндө тандап алган теманын актуалдуулугу, изилдөөнүн максаты, милдеттери, алынган жыйынтыктардын жаңылыгы, практикалык маанилүүлүгү, коргоого коюлуучу жоболор, изденүүчүнүн жеке салымы, жыйынтыктардын апробацияланышы, жарыяланышы, диссертациянын көлөмү жана түзүмү жөнүндө жетиштүү деңгээлде расмий маалымат берилген.

**1. Диссертациянын темасынын актуалдуулугу.** Болочок дене тарбия мугалимдерин даярдоонун адистик программасы бир катар спорттун түрлөрүн каражат катары колдонууну, алардын теориясын жана сабак өтүү методикасын өздөштүрүүнү талап кылат. Тарыхый өңүттөн алганда аталган максатта волейбол, баскетбол, жеңил атлетика, гимнастика, лыжа тебүү ж.б.у.с.



Окум. катчы: [signature]

И. АРАБАЕВ атындагы КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ
КЫРГЫЗСКИЙ ГОСУДАРСТВЕННЫЙ УНИВЕРСИТЕТ им. И. АРАБАЕВА
№ 109 "16" 12 2024 ж/г

спорттук классикалык түрлөрү колдонулат. Ал эми спорттун улуттук түрлөрүн каражат катары колдонуу тенденциясы өлкөбүз эгемендикке ээ болгон учурдан баштап орун ала баштады. Аталган тенденциянын өзөгүн улуттук маданий баалулуктарга кайрылуу, болочок дене тарбия мугалимдердин улуттук спорттун түрлөрү боюнча адистик компетенттүүгүн калыптандыруу аракеттери түзөт. Мындай багыттагы изилдөөлөр негизинен улуттук күрөштүн (Э. Тукеев) жана ордо оюнун (М. Абдуллаев) мисалында жүргүзүлгөнү, эки диссертациялык иш корголгону белгилүү. Сөз болуп жаткан спорттун түрлөрүндө окуучунун активдүү кыймыл-аракетте болушун, б.а. буга чейин топтолгон классикалык спорттун түрлөрүнө мүнөздүү окшоштуктун орун алышын белгилейм. Ал эми биз анализдеп жаткан диссертациянын объекти тогуз коргоол оюну принципиалдуу өзгөчөлүккө ээ. Башка спорттун түрлөрүнөн айырмаланып тогуз коргоол оюуну окуучунун интеллектуалдык, логикалык жана стратегиялык ой жүгүртүү иштердүүлүгүн жакшыртуу дараметине ээ. Мына ушул жагдай илимий жактан жаңы жана диссертациянын темасынын актуалдуулу экендигин негиздейт, коомдук-социалдык, илимий-практикалык муктаждыктардын орун алышы менен коштолот. Ал эми соңку мезгилде демилгеленип жаткан 12-жылдык жалпы мектептик билим берүүгө өтүү, анын мамлекеттик стандартында көрсөтүлгөн күтүлүүчү натыйжалардын курамы да теманын актуалдуулугун бышыктайт. Анткени күтүлүүчү натыйжанын курамында улуттук баалулуктарга ээ болууга олуттуу маани берилген.

Жогоруда белгиленген жагдайлар жана изденүүчү тарабынан диссертацияда келтирилген аргументтер, илимий изилдөөгө таянып чечүүнү талап кылган карама-каршылыктар, изилдөөнүн максатынын жана милдеттердин коюлушу жана аларды чечүү аракети, биздин оюбузча, диссертациянын темасынын актуалдуулугун жана теориялык-практикалык жактан маанилүүлүгүн бышыктайт.

**2. Диссертациялык изилдөөнүн натыйжасында изденүүчүнүн өзү тарабынан алынган натыйжалар.**

Диссертацияда болочок дене тарбия мугалимдерин даярдоодо маанилүү роль ойногон тогуз коргоол боюнча компетенттүлүктү аныктаган 3 илимий натыйжа белгиленген.

**1-натыйжа.** Тийиштүү компетенттүүлүктү калыптандыруунун илимий-теориялык негиздери, компетенттүүлүктүн мазмуну, өзгөчөлүктөрү жана тогуз коргоол оюунун педагогикалык мүмкүнчүлүктөрү.

**2-натыйжа.** Компетенттүүлүктү калыптандыруунун методологиясы, педагогикалык шарттары жана теориялык модели.

**3-натыйжа.** Педагогикалык эксперименттин натыйжалары, окутуу процессине сунушталуучу компьютердик интерактивдүү технология, контролдук иштердин жыйнагы жана баалоо критерийлери.

**3. Диссертацияда аныкталган изденүүчүнүн ар бир илимий натыйжасын, тыянактарын жана корутундусунун негизделгендиги жана ишмердүүлук даражасы.**

Жогоруда белгиленген илимий натыйжаларды, тыянактарды жана корутундуну ынанымдуу жана негиздүү деп баалайм, бышыктоо иретинде төмөндөгү аргументтерди келтирем.

**Биринчи натыйжа** көрүнүктүү окумуштуулардын эмгектерин ар тараптуу анализдөөнүн негизинде тогуз коргоол боюнча болочок дене тарбия мугалимдерин даярдоонун илимий-теориялык негиздерин жалпы педагогикалык, психологиялык жана дене тарбиянын теориялык негиздерин жетекчиликке алуу менен аныкталган. Анын баалулугун тогуз коргоол оюнунун тарыхын, мазмунун, учурдагы абалын, тарбия берүү мүмкүнчүлүктөрүн болочок дене тарбия мугалимдерди даярдоодо аталган оюнду окутуу методикасын тартипке келтирүү жана системдүү мүнөздөө аракети көрүлгөндүгү иретинде баалайм. Натыйжада дене тарбия теориясы жана методикасы болочок дене тарбия мугалимдердин тогуз коргоол боюнча адистик компетенттүүлүгүн калыптандыруунун педагогикалык негиздери

менен алгачкы ирет толуктанды. Анын маанисин тогуз коргоолго карата коомдо орун алган кызыгууну эсепке алуу, тийиштүү адистерди даярдоо проблемасын чечүү аракети катары баалайм.

**Экинчи натыйжа** тийиштүү компетенттүүлүктү калыптандыруунун педагогикалык шарттарын жана теориялык моделин иштеп чыгуу. Анын өбөлгөсүн илимий изилдөөнүн методологиялык, маалымат жыйноо кудуретине ээ болгон материалдарды жыйноо, адекваттуу изилдөө методдорун аныктоо деп белгилеп, изилдөөнүн максатына жана милдеттерине туура тандалган деп эсептейм. Изденүүчү сунуштаган теориялык моделдин курамы мотивациялык, мазмундук, уюштуруучулук жана технологиялык компонеттерден турат жана илимий-педагогикалык көз караштан алганда моделдин мазмуну ынанымдуу иштелип чыккан. Моделдин сап башында болочок кесипти сүйүү жана тогуз коргоолго кызыгуу турат. Мазмундук багытта теориялык билимдерди гана өздөштүрүүнү талап кылбастан болочок мугалимдин тогуз коргоол боюнча сабак өтүү дараметин, тийиштүү спорттук чеберчиликке ээ болушун талап кылат. Уюштуруучулук багытта сабак өтүүнү башкаруу, сабактын мазмунун пландоо, окуучулардын окуу жетишкендиктерин баалоо, ыңгайлуу окутуу чөйрө түзүү, коммуникация жүргүзүү жана шыктандыруу маселелерин камтыйт. Тийиштүү технологиялык каражаттардын иштелип чыгышы заманбап компьютердик программаларды даярдоо жана ишке киргизүү менен коштолгон.

Педагогикалык шарттарды иштеп чыгууда чет өлкөлүк жана ата мекендик окумуштуулардын эмгектерин талданган жана алты педагогикалык шарт негизделген. Алар окутуучу менен окуучунун ортосундагы позитивдүү мамиле, мугалимдин адистик деңгээли, анын заманбап окутуу ыкмаларды, технологияларды билүүсү, окутуу материалдарын сапаттуу даярдашы, уюштуруучулук жөндөмдү калыптандыруу, окуучулардын жеке өзгөчөлүктөрүн, муктаждыктарын аныктоо жана сабак өтүлүүчү жайдын тынчтыгын камсыз кылуу иретинде сунушталган. Биздин оюбузча, аныкталган педагогикалык шарттардын курамы жетиштүү, ал эми күтүлүүчү

натыйжалардын түрлөрү адистик билим берүүнүн мамлекеттик стандарты камтыган компетенцияларга шайкеш келет.

**Үчүнчү натыйжа** педагогикалык эксперименттин жыйынтыгына негизделген жана изденүүчү сунуштаган теориялык моделдин жана педагогикалык шарттардын жалпы эффективдүүлүгүн тастыктайт. Эксперимент лонгитюддук түрдө, тармактык адистерди даярдоодо олуттуу тажрыйбасы бар дене тарбия жана спорт академиясынын базасында жүргүзүлгөн. Алдын ала жүргүзүлгөн анкеталык сурамжылоо аныктаган кыйынчылыктар, тогуз коргоол боюнча кошумча билимдерге болгон муктаждыктар жана каалоолор эске алынган. Эксперименттин узактыгында 4 жылдык адистик билим берүү мөнөөтү сакталган. Жалпы жана атайын профилдик дисциплиналар боюнча жүргүзүлгөн сынактардын, педагогикалык практикалардын, квалификациялык иш жазуунун, спорттук чеберчиликке ээ болуунун расмий жыйынтыктары анализденген. Студенттердин жалпы физикалык даярдыгын тестирленген, тогуз коргоолду өздөштүрүү учурунда орун алган каталыктар аныкталган жана аларды жою жолдору сунушталган. Кайтарым маалымат алуу максатында анкеталык сурамжылоолор менен коштолгон. Топтолгон маалымат улуттук оюн ордо оюнун өздөштүрүүдө орун алган студенттердин окуу жетишкендиктерин салыштырма баалоо менен коштолгон. Эксперименттин жыйынтыктары оң баалоого татыктуу.

**4. Диссертацияда аныкталган изденүүчүнүн ар бир илимий натыйжасынын (жобосунун), тыянактарынын жана корутундусунун жаңылык даражасы.**

**1-натыйжа – жаңы.** Анткени, жалпы педагогика, дене тарбиянын теориясы жана методикасы болочок дене тарбия мугалимдердин тогуз коргоол боюнча адистик компетенттүүлүгүн калыптандыруу боюнча системага келтирилген илимий-педагогикалык маалымат менен толуктанды.

**2-натыйжа – жаңы.** Дене тарбия мугалимдерин даярдоодо тогуз коргоол боюнча адистик компетенттүүлүктү калыптандыруунун теориялык модели жана педагогикалык шарттары алгачкы ирет иштелип чыкты.

**3-натыйжа – жаңы.** Педагогикалык эксперименттин негизинде болочок дене тарбия мугалимдеринин тогуз коргоол боюнча кесиптик компетенттүүлүгүн калыптандыруу процессин мүнөздөгөн жаңы илимий маалымат алынган.

**5. Алынган натыйжалардын практикалык маанилүүлүгү.**

1. Иштелип чыккан илимий-педагогикалык жоболорду дене тарбия мугалимдердин тогуз коргоол боюнча адистик компетенттүүлүгүн калыптандыруу жаатында жогорку окуу жайдагы окутуу процессинде, мугалимдердин квалификациялык чеберчилигин жогорулатуу курстарында, теориялык жана методикалык сабактарды өткөрүүдө колдонуу сунушталат.
2. Дене тарбия мугалимдерин тогуз коргоол боюнча адистештирип даярдоодо изденүүчү сунуштаган негизги адистик окуу программа, теориялык модель, педагогикалык шарттар, компьютердик программа, баалоо каражаттары жана критерийлери дене тарбия жана спорт багытындагы жогорку окуу жайларга кеңири жайылтууга татыктуу.
3. Педагогикалык эксперименттин жыйынтыктары башка улуттук спорттун түрлөрүнүн педагогикалык мүмкүнчүлүктөрүн изилдөөдө, аларды болочок дене тарбия мугалимдерин даярдоодо каражат катары колдонуу багытындагы салыштырма изилдөөлөрдү жүргүзүүдө колдонсо болот.

**6. Диссертациянын негизги натыйжаларынын, жыйынтыктарынын, корутундуларынын толук жарыяланышы.** Изилдөөнүн багыты боюнча изденүүчү тарабынан 11 илимий макала жарыяланган жана аларда изилдөөнүн бардык компоненттерине таандык натыйжалар камтылган. РИНЦтин талаптарына жооп берген 6 макала УАК сунуштаган мезгилдик илимий басылмаларда, ал эми 2 макала – Эл аралык илимий-практикалык конференциялардын материалдарында, 3 макала чет өлкөлүк илимий басылмаларда жарыяланган.

**7. Авторефераттын мазмунунун диссертациянын мазмунуна дал келиши.** Авторефераттын мазмуну диссертациялык иштин мазмунуна дал келет жана анын негизги компоненттерин толук чагылдырып, изилдөөнүн өзөктүү жактарын, негизги жыйынтыктарын, илимий корутундуларын жана практикалык сунуштарын камтыйт. Авторефераттын резюмеси кыргыз, орус жана англис тилдеринде жазылган.

**8. Диссертациянын жана авторефераттын мазмунундагы айрым бир мүчүлүштүктөр катары төмөнкүлөрдү атап кетүүгө болот.**

1. Диссертациянын теориялык бөлүмүндө дүйнөдө кеңири жайылган жана мүнөзү боюнча тогуз коргоолго тектеш келген шахмат спорту жөнүндө (интеллектуалдык ишмердүүлүккө негизделет) илимий изилдөөлөрдүн, аталган оюнду болочок дене тарбия мугалимдерин даярдоо тажрыйбасына колдонуу боюнча аналитикалык маалымат берилген эмес.

2. Теориялык изилдөөлөрдүн негизинде мектеп дене тарбиясынын натыйжалуулугун камсыз кылуучу 3 негизги педагогикалык шарт белгиленген жана алардын биринчиси “мектептин материалдык-техникалык базасынын заманбап талаптарга жооп бериши”, - деп көрсөтүлгөн (15 бет). Бирок, аталган жагдай изденүүчү негиздеген педагогикалык шарттардын курамында (62-68 беттер) эске алынган эмес, б.а. тогуз коргоолдун материалдык-техникалык базасы жөнүндө маалымат камтылбаган.

3. Жарыланган эмгектердин санында айырма бар: авторефератта 12, ал эми “Иштин жалпы мүнөздөмөсүндө” (8-бет) 11 деп көрсөтүлгөн. Биздин оюбузча, авторефератта көрсөтүлгөн эмгектердин бирөө (“Денежные нормы питания...”) изилдөөнүн темасына шайкеш келбейт.

Бирок, жогоруда белгиленген мүчүлүштүктөр изилдөөнүн теориялык жана практикалык бийик баалуулугун төмөндөтпөйт жана тийиштүү оңдоп-түзөөлөрдү киргизүү мүмкүнчүлүгүн чектебейт.

Манашева Кенжегүл Пазыловнанын “Дене тарбия мугалимдерин даярдоодо тогуз коргоол боюнча компетенттүүлүгүн калыптандыруунун

педагогикалык негиздери" деген аталыштагы кандидаттык диссертациясын өз алдынча аткарылган илимий-квалификациялык иш катары кароого жана билим берүү тармагы үчүн олуттуу мааниге ээ болгон маселелерди чечүүгө салым кошот деп баалоого татыктуу.

9. Манашева Кенжегүл Пазыловнанын "Дене тарбия мугалимдерин даярдоодо тогуз коргоол боюнча компетенттүүлүгүн калыптандыруунун педагогикалык негиздери" деген темадагы 13.00.01 – жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы жана 13.00.04 – дене тарбиянын, спорттук машыгуунун, ден соолукту чыңдоонун жана адаптивдик дене маданиятынын теориясы жана методикасы адистиктери боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациясы Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Улуттук аттестациялык комиссиянын диссертациялык изилдөөлөргө коюлуучу талаптарына ылайык келет. Ал эми изденүүчү Манашева Кенжегүл Пазыловна 13.00.01 – жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы жана 13.00.04 – дене тарбиянын, спорттук машыгуунун, ден соолукту чыңдоонун жана адаптивдик дене маданиятынын теориясы жана методикасы кош адистиктери боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасына татыктуу деп эсептөөгө болот.

Расмий оппонент:
Кыргыз билим берүү академиясынын башкы илимий кызматкери,
педагогика илимдеринин доктору, профессор Абакир Мамытов

10 декабрь 2024 жыл

А. Мамытовдун койгон кол белгисин тастыктаймын.